**БЕКИТЕМИН**

**РЕКТОР ББЗИТ**

**Э.И.Д. ПРОФЕССОР**

**Б.Х.КУБАЕВ.**

**4 сентябрь 2017г.**

# Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун (ББЗИТИ)

## Педагогикалык чеберчилик факультетинин

## ЖОБОСУ

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Педагогикалык чеберчилик факультети (мындан ары ПЧФ) Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет;

1.2. ПЧФ ББЗИТИнин ректорунун буйругу менен түзүлөт, өзгөртүлөт жана жоюлат;

1.3. ПЧФнын жетекчилигинин жалпы ишмердиги ББЗИТИнин окуу иштери боюнча проректору нунтүздөн-түз катышуусунда жүргүзүлөт;

1.4. Педагогикалык чеберчилик факультетинин ишмердигин башкаруу ББЗИТтин Уставынын негизинде кызматка бекитилген декан жүргүзөт (мындан ары ПЧФнын деканы). Декан факультеттин атынан ББЗИТИнин Уставына, кызматтык инструкцияга жана ушул Жобого ылайык иш алып барат;

1.5. ПЧФ өзүнүн ишмердүүлүгүн КР мыйзамдарынын, Өкмөттүн жана Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук токтомдорунун, нормативдик документтеринин, ББЗИТИнин Уставынын, ректорунун буйруктарынын жана ББЗИТИнин ички эрежелеринин, андан сырткары ушул Жобонун негизинде жүргүзөт.

1.6. Бул Жобо ББЗИТИнин ректору бекиткенден кийин күчү нөкирет.

## 2. Максаты жана милдеттери

2.1. ПЧФнын ишмердигинин негизги максаты окутуучулардын ишинин сапатын жакшыртуу, кесиптик деңгээлин жогорулатуу жана кесиптик милдеттиаткаруу заманбап усулдарды талап кылгандыктан, ББЗИТИнин окутуучулук курамынын теориялык

жана практикалык билимин жаңылап туруу, жаңы функцияларды аткарууга даярдык көрүүболуп саналат;

2.2. **Негизги милдеттери**:

- Адистерди сапаттуу даярдоо талабын канааттандыруу, илимий-педагогикалык адистердин педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу;
- Окуу-методикалык иштерге заманбап багыттарды,педагогикалык жана психологиялык илимдердеги жетишкендиктердин негизинде окутуунун инновациялык формасын жана усулун киргизүү жана таркатуу;
- Окутуу технологияларын иштеп чыгуу боюнча илимий-педагогикалык кадрлардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
- Профилдик уюмдар жана жождордон квалификациялуу адистерди тартуу;
- ББЗИТИнин базасында квалификациялуу адистерди даярдоо.

## 3. Педагогикалык чеберчилик факультетинде окуу процессин уюштуруу

3.1. Курстар окутуунун электрондук элементтерин (видео-лекциялар, ББЗИТИнин-isito.kg сайтындагы билим берүү блогу) колдонуу менен жеке формаларды же жарым жартылай бөлүштүрүү аркылуу иштен үзгүлтүксүз жүргүзүлөт;

3.2. Курстар окуу жылына бекитилген графикке ылайык жана зарылдыкка жараша графиктен сырткары уюштурулат;

3.3. Факультеттин окуу программалары тиешелүү багыттар боюнча даярдоонун деңгээлинде жана лицензиянын талаптарына жооп берген адистерди даярдоо үчүн Мамлекеттик билим берүү стандарттардын, ББЗИТИнин талаптарына ылайык өз алдынча иштелип чыгат;

3.4. Курстардын окуу планы жана билим берүү программалары окуу иштери боюнча проректору менен макулдашылат жана БЗИТИнин ректору аркылуу бекитилет;

3.5. Педагогикалык чеберчилик боюнча курстар окутуунун төмөндөгү түрлөрүн камтыйт:

- Кыска мөөнөттүү курстар (72 аудиториялык сааттан кем эмес көлөмүндө);
- Актуалдуу багыттар боюнча курстар жана семинарлар (72 сааттан 120 аудиториялык саат);

- Узак мөөнөттүүбилим берүү (120 аудиториялык сааттан жогору).

3.6. 72 сааттан 120 саатка чейин жана андан жогорку көлөмдө программа боюнча билимин ийгиликтүү аяктаган угуучуларга курсту өткөндүгү тууралуу сертификаттар ыйгарылат;
3.7. Факультетте окуу процесси календардык жыл бою жүргүзүлөт;
3.8. Төмөндөгүдөй билим берүү сабактары белгиленет: семинар-тренингдер, тегерек стол режиминде тажрыйба алмашуучу семинарлар, көчмө сабактары, стажировкалар, кеңеш берүүлөр;
3.9. Аудиториялык сабактардын бардык түрүнүн узактыгы ББЗИТИнин ички тартибинин эрежелерине ылайык бекитилет;
3.10. ПЧФ окуу процессин жүргүзүүүчүн өзүнө бекитилген аудиториялар фондун жана жабдууларды пайдаланат.

## 4. ББЗИТИ ПЧФнин угуучулары

4.1. ББЗИТИ ПЧФнин угуучулары болуп ректордун буйругу менен окууга кабыл алынгандар саналат;
4.2. ББЗИТИ ПЧФнин угуучулары:
- Илимдин, техниканын жана маданияттын өнүгүшүнүн азыркы деңгээлине ылайык билим алууга;
- Билим берүү программаларынын мазмунун түзүүгө катышууга жана ПЧФнын деканынын макулдугу менен окуунун факультативдик жана жеке формасын иштелип чыккан программага ылайык сунушталган модулдарды тандап алууга;
- Нормативдик, инструкциялык, окуу жана методикалык документациялар, кесиптик ишмердүүлүк боюнча маалыматтык фондун колдонууга;
- Конференцияларга, семинарларга катышууга, рефераттарын, аттестациялык иштерин жана башка материалдарын ББЗИТИнин басылмаларына сунуштоого укуктуу.

4.3. ББЗИТИнин угуучулары:
- Институттун ички тартибин сактоого;
- Окуу пландарына ылайык келген окуу программаларынын бардык талаптарын белгиленген убакта аткарууга;
- Окуу программаларына ылайык кезектеги жана жыйынтыктоо аттестациясынын бардык түрүнөн өтүүгө милдеттүү.

4.4. Угуучулардын билим деңгээлине баа берүү алардын билимин текшерүүнүн акыркы жыйынтыгы менен жүргүзүлөт;

4.5. Окуу планынын талаптарын аткарбаган учурда жана ББИТИнин ички тартибин одоно бузганда угуучу ББЗИТИнин ПЧФнин угуучуларынын катарынан чыгарылат;

4.6. Аудиториялык сабактардын 30% калтырган угуучуларга педагогикалык чеберчилик курсун өткөндүгүн тастыктаган күбөлүк алууга уруксат берилбейт. Бирок аларга калтырган сабактарын башка топтор менен өтүүгө жана зачетторун тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет.

## 5. ББЗИТИнин педагогикалык чеберчилик факультетинин ишмердүүлүгүн жана каржысын көзөмөлдөө

5.1. ББЗИТИнин ПЧФнин билим берүү жана каржы-чарбалык ишмердигин көзөмөлдөө ББЗИТИнин окуу иштери боюнча проректору тарабынан жүргүзүлөт;

5.2. ПЧФ ишмердигин каржылоо:

- ББЗИТИнин бюджеттен сырткаркы каражатынын;
- КР мыйзамдарында каралган келишимдик, айкалыштыруу же саатына акы төлөө шартында;
- Келишимдик негизде окуу акысынан түшкөн каражаттын;
- Кеп-кеңеш берүү кызматынан, окуу, методикалык, илимий ж.б. иштелмелерди ишке ашыруудан түшкөн каражаттын;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка булактардан түшкөн каражаттын;
- Педагогикалык кызматкерлердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууну уюштуруудан Институттун эсебине түшкөн каражаттын эсебинен ишке ашырылат.

## 6. ББЗИТИнин ПЧФнин отчетунун формасы

6.1. ПЧФ өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы тууралуу ББЗИТИнин жетекчилигинин алдында белгиленген тартиптин негизинде отчет берет;

6.2. ББЗИТИнин администрациясынынталабы боюнча билим берүү ишмердиги тууралуу отчет берет;

6.3. Ушул Жободо көрсөтүлгөн функцияларды аткаруу жоопкерчилиги ПЧФ деканына жүктөлөт.